**Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**
**Ош мамлекеттик университети**
**Өзгөн эл аралык медициналык колледжи**

Бекитемин
ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин директору
Г. А. Сулайманова

# Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы

**Адистиги:** 060109 Медициналык айым иши

**Квалификациясы:** Медициналык айым/ ага

**Окутуу формасы:** Күндүзгү

**2025-2026-окуу жылы**

**Өзгөн 2025-ж**

Scanned with CamScanner

**Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**
**Ош мамлекеттик университети**
**Өзгөн эл аралык медициналык колледжи**

| | | |
|---|---|---|
| **Каралды**<br>**Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин директорунун м.а**<br>**Г. А. Сулайманова ________**<br><br>**Протокол №____ _____ 202__** | **Макулдашылды**<br>**ОшМУнун Академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги,**<br>**Ф-М.И.К, доц. Т. М. Папиева**<br>**___________________** | **ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору**<br>**_______Молдояров У.Д.**<br>**"___" ________ 2025-ж.** |

# Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы

**Адистиги:** 060109 Медициналык айым иши

**Квалификациясы:** Медициналык айым/ ага

**Окутуу формасы:** Күндүзгү

**2025-2026-окуу жылы**

**Өзгөн 2025-ж**

Scanned with CamScanner

## МАЗМУНУ


| № | Бөлүмдөрдүн аталыштары |
|---|---|
| 1. | Жалпы жоболор:<br>1.1.Киришүү.<br>1.2.060109 – «Медициналык айым иши», адистиги боюнча НКББПны иштеп чыгуу үчүн ченемдик документтер.<br>1.3. Терминдер жана аныктамалар;<br>1.4. НКББПда төмөнкүдөй кыскартуулар кездешет: |
| 2. | Негизги кесиптик билим берүү программасынын жалпы мүнөздөмө:<br>2.1. НКББПны өздөштүрүүнүн максаттары жана пландалган натыйжалары<br>-НКББПнын максаттары;<br>-НКББПнын окутуу натыйжалары төмөнкүлөр; |
| 3. | НКББПны өздөштүрүүнүн максаттары менен натыйжаларынын шайкештик матрицасы; |
| 4 | 060109 Медициналык айым иши адистигинин НКББПсынын окуу дисциплиналарына компетенциялардын шайкештик матрицасы; |
| 5 | НКББПынын өздөштүрүү мөөнөтү; |
| 6 | НКББПнын эмгек сыйымдуулугу (кредиттин беребиз); |
| 7 | Негизги кесиптик билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнө болгон эмгек рыногунун муктаждыгы жана анализи» |
| 8 | Абитуриентке коюлган талаптар: |
| 9 | НКББПыны кадрлар менен камсыздоо; |
| 10 | НКББПыны ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык жана каржылык шарттар. |
| 11 | Негизги жумуш берүүчүлөр жана эмгек рыногу менен байланышы: |
| 12 | НКББП боюнча окуу процессинин мазмунун жана уюштурулушун регламенттеген документтер:<br>12.1. Базалык окуу план:<br>12.2.Семестрдик окуу план:<br>12.3.Окуу процессинин календардык графиги:<br>12.4.Дисциплиналардын аннотациясы:<br>12.5.Практиканын прогаммасы:<br>12.6. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программасы. |


Scanned with CamScanner

## 1.Жалпы жоболор:

### 1.Киришүү.

Ишке ашырылып жаткан негизги кесиптик билим берүү программасыт 060109 – «Медициналык айым иши», адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн Ош мамлекеттик университетинде иштелип чыккан билим берүү стандартынын негизинде жана практикалык саламаттык сактоонун талаптарын эске алуу менен медициналык колледж тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген документтердин тутуму болуп саналат.

Негизги кесиптик билим берүү программасы максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун, шарттарын жана технологияларын, бүтүрүүчүнү адистик боюнча даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат жана өзүнө окуу процессинин графигин, окуу планын, дисциплиналардын жумушчу программаларын жана окугандарды даярдоонун сапатын камсыз кылуучу башка материалдарын, окуу-өндүрүштүк практиканын программаларын камтыйт.

Негизги кесиптик билим берүү программасында жыл сайын окуу пландарынын жана дисциплиналардын жумушчу программаларынын түзүмү жана мазмуну, окуу-өндүрүштүк практиканын программалары, студенттерди даярдоонун сапатын камсыз кылуучу методикалык материалдары кайра каралып, толукталат.

Негизги кесиптик билим берүү программасы студенттердин жана колледж кызматкерлеринин биргелешкен билим берүү, илимий, өндүрүштүк, коомдук жана башка иш-аракеттеринин алкагында ишке ашырылат. " Медициналык айым иши " адистигин программасы төмөнкү принциптердин негизинде ишке ашырылат:

- бүтүрүүчүнү даярдоодо практикалык багыттуулукка басым жасоо;
- " Медициналык айым иши" адистигинин окутуучулары тарабынан окутуунун заманбап педагогикалык технологияларын колдонуу;
- билим берүүнүн мазмунун аныктоодо практикалык саламаттык сактоонун суроо-талаптарын эске алуу;
- окуп жаткандарды кесиптик чөйрөдө дайыма өнүгүүгө жана инновациялык ишмердүүлүккө, анын ичинде квалификациясын жогорулатууну улантууга шыктандыруу.

### 2. Терминдер жана аныктамалар;

**-академиялык адилеттүүлүк** – бул билим берүү программаларын өздөштүрүүдө жана билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө, анын ичинде жазуу иштерин(контролдук, курстук, эссе, дипломдук, диссертациялык) аткарууда, өз позициясын билдирүүдө жана билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелеринде жүрүм-турум нормаларын аныктаган баалуулуктар менен принциптердин жыйындысы.

**- академиялык эркиндик-** бул билим берүү процессинин субъекттерине тандоо компонентиндеги дисциплиналар,кошумча окутуу түрлөрү жана билим берүү ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча билим берүүнүн мазмунун өз алдынча аныктоого берилген ыйгарым укуктардын жыйындысы. Бул билим алуучулардын жана окутуучулардын чыгармачылык өнүгүүсүнө шарт түзүү жана инновациялык технологияларды, окутуу ыкмаларын колдонуу максатында берилет.

Scanned with CamScanner

**- базалык окуу планы**– багыт же адистик боюнча студентти кесипке даярдоону ишке ашырган толук окуу мезгилиндеги дисциплиналарынын каталогу (мындан ары окуу план). Окуу планы милдеттүү компонентти камтыйт (базалык жана ЖОЖдук (адистештирилген)), милдеттүү дисциплиналарды жана студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналарды окутууга бөлүнгөн кредиттердин санын жөнгө салат, практиканын мөөнөтүн жана түрлөрүн белгилейт;
**- компетенция –** белгилүү бир тармактын натыйжалуу продуктивдүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон, окуучуну (окуп жаткандарды) билим берүүгө даярдоодо, алдын ала берилген социалдык талаптар (ченемдер);
**- кредит -** негизги кесиптик билим берүү программасындагы эмгек сыйымдуулугун ченөөнүн шарттуу өлчөмү;
**- негизги кесиптик билим берүү программасы –** шайкеш келген багытты даярдоо боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунун жана уюштурууну регламенттөөчү, окуу-методикалык документациялардын жыйындысы;
**- окутуунун жыйынтыгы -** негизги билим берүү программасы /модуль боюнча окутуунун жыйынтыгында алынган компетенция;
**- окутуунун кредиттик технологиясы**– кредиттерди топтоо менен студенттин тандоосуна жана дисциплиналарды окуунун ырааттуулугун өз алдынча пландаштырууга негизделген окутуу;
**- өз алдынча иштелип чыккан компетенциялар** – стандартты иштеп чыгуучулар тарабынан киргизилген компетенциялар;
**- семестрдик окуу планы -** белгилүү бир академиялык мезгилде окуу процессин уюштуруу үчүн кызмат кылган окуу планы (анын ичинде семестрде окутуучулардын окутуу ишмердигинин эмгек сыйымдуулугун эсептөө);
**- студенттин жекече окуу планы** (СЖОП) - студенттин семестр үчүн окуу программасын аныктайт, ал семестрге сунушталган окуу дисциплиналарынын негизинде түзүлөт;
**- тандоо дисциплиналары** – социалдык-экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана тигил же бул региондун керектөөлөрүн эске алуу менен билим берүү уюмдары тарабынан белгиленген кредиттердин алкагында тандоо компонентине киргизилген студенттин жекече даярдыгын чагылдырган окуу дисциплиналары;
**- тармактык билим берүү формасы** – билим берүү программасынын бир нече билим берүү уюмдары тарабынан ишке ашырылышы;
**- учурдагы ченемдик-ички жоболор** – ушул жобону ишеп чыгуу учурунда колдонулуп жаткан ченемдик- ички жоболор;
**- soft skills (жумшак көндүмдөр)** – эмоционалдык жана чыгармачылык интелект, иштиктүү баарлашуу жана өзүн-өзү уюштуруу (самодисциплина), стандарттык эмес кырдаалда креативдүү жана сынчыл көз караш менен мамиле кылуу;
- **STEAM көндүмдөр –** заманбап технология, техника, инженерия, маалыматтарды колдонуу жана башкаруу.

**3. НКББПда төмөнкүдөй кыскартуулар кездешет:**

**МББС**- мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ОКББ** - орто кесиптик билим берүү;
**ЖКББ** - жогорку кесиптик билим берүү;
**ӨАИЧС** - өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандарты;
**НКББП** - негизги кесиптик билим берүү программасы;
**ОУБ** - окуу-усулдук бирикме;
**ЖКК** - жалпы кесиптик компетенция
**КК** - кесиптик компетенциялар;
**ЖК**-жалпы комптенциялар;
**ОН**-окутуунун натыйжалары;

Scanned with CamScanner

**СИЖМК** - социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар;
**ЖОЖ** - жогорку окуу жай;
**ОПК** - окутуучу-профессордук курамы

**4. 060109 – «Медициналык айым иши», адистиги боюнча НКББПны иштеп чыгуу үчүн ченемдик документтер.**

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгуунун ченемдик укуктук базасын төмөнкүлөр түзөт:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 Билим берүү жөнүндө Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтому;
- Кыргыз Республикасында ECTS колдонуунун нормативдик документтер жыйнагы (КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2009-жылдын 6-августундагы №824/1 буйругу);
- ОшМУда окуу процессин уюштуруу жөнүндө жобо (ОшМУнун реторунун №1077-ФХД/24 07.03.2024 буйругу менен бекитилди);
- 060109 – «Медициналык айым иши» адистигинин ОшМУда өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандарты бекитилген № 1817-ФХД/25 10.04.2025 буйругу.
- Ош мамлекеттик университетинин УСТАВЫ 2024-ж;
- ОшМУнун №33-бюллетени №5 пр 15.03. 2017ж.;
- 2023-2026-жылдарга «ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН МОДЕЛИ» стратегиялык өнүктүрүү программасы
- Колледждин окуу процессине тиешелүү жоболору жана ички документтери

**5. Негизги кесиптик билим берүү программасынын жалпы мүнөздөмө:**

**5.1. НКББПны өздөштүрүүнүн максаттары жана пландалган натыйжалары**

**ОшМУнун миссиясы** – жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоо

**НКББПнын максаттары.**

**1-Максат.** Кесиптик чөйрөдө кыргыз жана орус тилдеринде B1 деңгээлинде, бир чет тилде A1 деңгээлинде натыйжалуу баарлаша алган, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтаган, критикалык жана креативдүү ой жүгүрткөн, стандарттык эмес кырдаалдарда өзүн-өзү башкара алган жана заманбап маалыматтык технологияларды колдонгон атаандаштыкка жөндөмдүү адистер даярдоо.

**2-Максат:** Кесиптик этиканы сактаган, медициналык документацияны (анын ичинде электрондук) жүргүзгөн, медициналык-латын терминологиясын колдонгон, ар кандай курактагы бейтаптардын анатомиялык-физиологиялык жана психологиялык-социалдык өзгөчөлүктөрүн баалай алган, лабораториялык маалыматтарды интерпретациялап, медайымдык жардамдын коопсуздугун жана сапатын объективдүү баалай алган адистерди даярдоо.

**3-Максат:** Калктын жана бейтаптардын ден соолугун сактоо жана чыңдоо, оорулардын алдын алуу боюнча профилактикалык иш-чараларды уюштура алган, коопсуз чөйрөнү

Scanned with CamScanner

камсыз кылган жана медайымдык процесстин бардык баскычтарын кесиптик деңгээлде аткара алган компетенттүү, жоопкерчиликтүү медициналык айым адистерин даярдоо.

### 5.2. НКББПнын окутуу натыйжалары төмөнкүлөр.

| ОКН | Мазмуну | Компетенциялар |
|---|---|---|
| **ОН-1:** | Үч тилде баарлашат: кыргыз жана орус тилдеринде В1 деңгээлинде, чет тилдердин биринде А1 деңгээлинде кесиптик чөйрөдө кеп ишмердүүлүгүн жүргүзөт. | **ЖК-1:** Эл алдында баяндама жасайт; өз кебинин стилин, түрүн тандайт жана аны баяндайт, өз пикирин жазма-оозеки формада туура, так билдирет жана далилдейт, изилдөөнүн жыйынтыктарын кесиптик чөйрөдө кыргыз, орус жана чет тилдеринде алып чыгат. |
| **ОН-2:** | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды сактап иш алып бара алат, критикалык жана креативдүү ой жүгүртүү менен идеяларды жарата алат, стандарттык эмес кырдаалдарда өзүн-өзү башкара алат жана заманбап маалыматтык-телекоммуникациялык технологияларды, математикалык методдорду кесиптик ишмердүүлүктө натыйжалуу колдоно алат. | **ЖК-2:** Кесиптик ишмердүүлүгүндө инсандык-жарандык мамилелерди сын көз караш менен талдайт жана баа берет, мамлекетүүлүктүн философиясын, жарандык идентүүлүктү, патриоттуулукту, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды өркүндөтүүгө багытталган идеяларды демилгелөөгө жана аткарылышын камсыздоого жөндөмдүү.<br>**ЖК-3:** Жаңы идеяларды генерациялайт жана креативдүү ой жүгүртүү менен тышкы чөйрөдөгү инновацияларга жана күтүүсүз кырдаалдарга ыңгайлаша алат; Долбоорлорду уюштуруу жана ишкердик жүргүзүүдө аналитикалык ойлонот жана сын көз караш менен аракеттене алат.<br>**ЖК-4:** Санариптик медиа тексттерди, инфографикаларды, негизги математикалык, инженердик, илимий принциптерди колдоно алат, санариптик жана креативдүү экономиканын ар кандай бизнес чөйрөлөрүндөгү жаңы тенденцияларга ыңгайлаша алат; |
| **ОН-3:** | Кесиптик этиканы сактай алат, медициналык документацияны жүргүзө алат жана медициналык-латын терминологиясын кесиптик ишмердүүлүктө колдоно алат. | **ЖКК-1:** Кесиптик этиканы жана деонтологияны сактоого жөндөмдүү.<br>**ЖКК-2:** Өз компетенциясынын чегинде медициналык документтерди, анын ичинде электрондук формада документ жүргүзөт;<br>**ЖКК-3:** Медициналык-латын терминдерин колдоно алат; |
| **ОН-4:** | Бейтаптын анатомиялык, физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн баалап, лабораториялык маалыматтарды интерпретациялай алат жана | **ЖКК-4:** Нормалдуу жана патологиялык абалдарда ар кандай курактагы адамдын жашоо активдүүлүгүнүн анатомиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрүн жана көрсөткүчтөрүн билүүгө жөндөмдүү;<br>**ЖКК-5:** Оорулуунун психологиялык жана |

Scanned with CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | медайымдык жардамдын коопсуздугун жана сапатын өз алдынча баалай алат. | социалдык маданий аспектилерин баалай алат;<br>**ЖКК-6:** Лабораториялык маалыматтарды интерпретациялоого жөндөмдүү;<br>**ЖКК-7:** Оорулууга көрсөтүлгөн медайымдык жардамдын коопсуздугун, оптималдуулугун жана канааттандырарлык деңгээлин баалайт. |
| **ОН-5:** | Калктын жана жамааттын ден соолугун сактоо жана чыңдоо, оорулардын алдын алуу боюнча профилактикалык иш-чараларды өз алдынча уюштуруп өткөрө алат. | **КК-1:** калктын ден соолугун сактоо жана чыңдоо боюнча иш-чараларды өткөрөт;<br>**КК-2:** жамааттарда (топтордо) ден соолукту чыңдоо боюнча иш-чараларды өткөрөт;<br>**КК-3:** оорулардын алдын алуу жана ден соолукту чыңдоо боюнча иш-чараларды өткөрөт; |
| **ОН-6:** | Бейтаптын абалын баалап, керектүү маалыматтарды чогулта алат, медайымдык диагноз коюп, медайымдык жардамды пландай алат жана дарыгердин дайындоосун, фармацевтикалык терапияны аткара алат; ошондой эле кечиктирилгис жана өзгөчө кырдаалдарда өз алдынча медайымдык жардам көрсөтө алат. | **КК-6:** оорулуунун абалын баалайт жана маалымат чогултат;<br>**КК-7:** медайымдык диагноз коёт;<br>**КК-8:** медайымдык жардамды пландаштырат;<br>**КК-9:** кечиктирилгис жана өзгөчө кырдаалдарда медайымдык жардам көрсөтөт;<br>**КК-12:** дарыгердин дайындоосун аткарат, дарылоодо фармацевтикалык терапияны жүргүзөт; |
| **ОН-7:** | Бейтаптарга ар кандай кырдаалда жана категорияда (Эне, бала жана өспүрүм, хирургиялык операциялар, өнөкөт оорулары бар, кары-картаң, психикалык ден соолукту колдоо, паллиативдик жардам жана ден-соолугу чектелген адамдарга жана калктын аялуу катмарына) медайымдык жардам көрсөтө алат. | **КК-10:** эненин ден соолугун коргоо боюнча медайымдык жардам көрсөтөт;<br>**КК-11:** балдар жана өспүрүмдөрдүн ден соолугун коргоо боюнча медайымдык жардам көрсөтөт;<br>**КК-13:** хирургиялык таңуу, кичинекей операциялар жана пункциялар боюнча медайымдык жардам көрсөтөт;<br>**КК-14:** өнөкөт оорулары бар адамдарга медайымдык жардам көрсөтөт;<br>**КК-15:** карыларга жана курагынан өткөн адамдарга медайымдык жардам көрсөтөт;<br>**КК-16:** психикалык ден соолукту колдоо боюнча медайымдык жардам көрсөтөт.<br>**КК-17:** медайымдык жана паллиативдик жардам көрсөтөт.<br>**КК-18:** ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жана калктын аялуу катмарына медайымдык жардам көрсөтөт. |
| **ОН-8:** | Бейтаптар менен кызматкерлер үчүн коопсуз чөйрөнү камсыздай алат, бейтаптарды жана алардын үй-бүлөлөрүн окутуп, кеңеш берип, көрсөтүлгөн медайымдык жардамдын натыйжалуулугун баалай алат. | **КК-4:** оорулуулар менен кызматкерлер үчүн коопсуз чөйрөнү камсыз кылат;<br>**КК-5:** оорулууну жана анын үй-бүлөсүн окутат жана кеңеш берет; буларды бириктирип канча окутуу натыйжа түзсө болот;<br>**КК-19:** медайымдык жардамдын натыйжалуулугун баалайт. |

Scanned with CamScanner